СТУДЕНТТЕРДИН КООМДУК, МАДАНИЙ-АГАРТУУЧУЛУК ГЕЗИТИ

Арабаев пресс

№01(15) / 17-ДЕКАБРЬ / 2024-ЖЫЛ

«БИЛИМДҮҮ, ИЛИМДИН ЭЭЛЕРИ, САЯСИЙ ТҮШҮНҮКТӨРҮ МОЛ ЖАШТАР - БААРЫНА ҮЛГҮ, БАА ЖЕТКИС ИЙГИЛИК» И.АРАБАЕВ

# ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ - КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ТАРЫХЫ БАЙ, АЛГАЧКЫ КЫРГЫЗ ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯСЫНЫН УСТАТЫ, АКЫЛМАН, ИЛИМПОЗ ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВДИН ЫСЫМЫН СЫЙМЫКТАНУУ МЕНЕН АЛЫП ЖҮРГӨН ОКУУ ЖАЙ

**- Саламатсызбы Айгүл Төлөковна! 2023-2024-окуу жылынын жыйынтыгы кандай болду? Университет кандай негизги жетишкендиктерге жетти?**

2023-2024-окуу жылы университет үчүн ийгиликтүү жана жемиштүү жылдардан болду деп айтсак болот. Университетте өлкөдөгү педагогикалык кадрлардын тансыздыгын жоюу максатында бир нече кош адистиктер, англис тилдүү мектептерде иштей ала турган англис-орус-кыргыз тилдүү мектеп мугалимдерин даярдай турган программалар ачылып, студенттер билим алып жатышат. Мезгил талабы менен кыргыз тилдүү же орус тилдүү мугалимдерди эмес, 2-3 тилде эркин сүйлөгөн жана кош адистикке ээ, кесипкөй мугалимдерди даярдоо зарылчылыгы келип чыгууда. Аталган багытта иш аракеттер жасалып, келечекте бул иштерди кеңейтүү пландары иштелүүдө.

Мындан сырткары, студенттер арасында академиялык мобилдүүлүк программасынын алкагындагы иштерди өркүндөтүп, жакынкы жана алыскы чет өлкөлүк байланыштар чыңдалууда. Студенттер жана профессордук-окутуучулук курам чет өлкөлөрдөгү бир нече белгилүү окуу жайлардан тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүгүн алышты, бир семестр же 3 айга чейинки убакытка жана башка белгиленген мөөнөттө окуп келип, кайра окуусун улантууга болот. Тажрыйба алмашуу, өзгөчө чет өлкөдөгү окуу жайлардан билимин өркүндөтүү алардын кесипкөйлүгүн жогорулатууга шарт түзөт.

Ошондой эле, бир катар жаңы илимий лабораториялар ачылып, изилдөө иштерин өркүндөтүүгө чоң салым кошуп жатат.



**- Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде 2023-2024-окуу жылында канча педагог адистерин даярдады?**

Университетте 2023-2024-окуу жылында 2400 студент бүтүрүп, анын ичинен 1101 бүтүрүүчү педагогикалык багытта билим алышты. Бул адистердин басымдуу бөлүгү орто мектептерге, бала бакчаларга жана билим берүү мекемелерине багытталган. Жалпысынан бүтүрүүчүлөр 45 педагогикалык билимге ээ болушту. Учурда Кыргызстандын бардык аймактарында эмгектенип жатышат.

Учурда педагог адистердин жетишсиздигин жоюу максатында билим бер программаларынын мамлекеттик стандарты боюнча университетте 7 педагогикалык багытта 24 профиль менен кош адистик боюнча эксперименталдык окуу планы ишке киргизилген. Кесипк йл кк к б р к басым жасоо максатында КРнын ББжИМ тарабы менен макулдашылып, 9 багытта 30/70 пайызы менен эксперименталдык окуу планды ишке киргизип, (окуу планыны 70 пайыз адистик циклге берилген) студенттер билим алууда;

Ошондой эле республикабыздын аймагында англис тилинде ачылган орто мектептердин кадрдык муктаждыгын чеч максатында 3 педагогикалык багытта эксперименталдык окуу планды КРнын ББжИМ тарабынан макулдашып англис тилинде сабак бере алган кадрларды даярдоо колго алынды. Учурда англис тилд башталгыч класстын мугалими, математика мугалими жана химия мугалимдери даярдалууда.

**- Окуу жайда эл аралык кызматташтык боюнча ишмердүүлүк кандай өнүгүүдө?**

Университет жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн элчиликтери менен тыгыз байланышта иш алып барат. Университет жалпысынан 90го жакын мамлекеттердеги алдыңкы университеттер менен кызматташып келет жана бир катар алдыңкы университеттер менен өнөктөштүк келишимдерин түзүүгө жетишкен. Айтсак, Түркия, Кытай, Индия, Япония, Корея, Венгрия, Россия, Литва, Өзбекстан, Казакстан ж.б. мамлекеттеринин жогорку окуу жайлары менен кызматташуу келишими түзүлүп, өнөктөштүк алкагында биргелешкен окуу программалар, илимий долбоорлор, профессордук-окутуучулар курамы жана студенттердин академиялык мобилдүүлүгү ишке ашырылышына шарт түзүүдө.

2024-жылдын июль айында Конжу университетинин делегациясы университетибизге келип, атайын инклюзивдик билим берүү боюнча адистерди даярдоо багытында биргелешкен программаларды түзүү боюнча макулдашуу түзүлдү. Бул кызматташтык Кыргызстандын билим берүү системасынын инклюзивдик багытын өнүктүрүүдө чоң мааниге ээ.

Эл аралык мамилелерди чыңдоо өз ара кызматташтыктын натыйжасында университеттин илимий потенциалын жогорулатууга, студенттер менен профессордук-окутуучулар курамынын тажрыйба алмашуусуна жана окуу процесстерин дүйнөлүк стандарттарга ылайыкташтырууга чоң өбөлгө түзүүдө.

Ошондой эле, окуу жай бир катар эл аралык илимий долбоорлорго катышып келет. Мисалы, Вильнюс университети менен биргеликте ачылган лабораториялар изилдөө иштери үчүн заманбап шарттарды түзүп, студенттер менен окумуштууларга илимий иштерди жүргүзүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачууда. Бул изилдөөлөрдүн жыйынтыктары эл аралык журналдарда жарыяланып, университеттин илимий мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу менен, потенциалын көрсөтүүдө.

Университеттин эл аралык кызматташтыгынын дагы бир маанилүү бөлүгү – чет өлкөлүк студенттерди билим алууга тартуу. Университетте Кытай, Түркия, Казакстандан жана башка өлкөлөрдөн келген студенттер билим алышат. Алар үчүн атайын программалар иштелип чыккан.

**- Окуу жайда кесипкөй адистерди даярдоо үчүн кандай шарттар түзүлгөн?**

Кесипкөй адистерди даярдоодо студенттердин билим алуусуна ыңгайлуу шарт түзүп берүү зарыл. Ал үчүн материалдык-техникалык базаны чыңдоо, аудиториялар, лабораториялар жана компьютердик класстарды замандын талабына ылайык жабдуу маселеси каралган. Мындай шарт студенттерге теориялык билимди практикада колдонуу мүмкүнчүлүгүн берет. Университеттин электрондук китепканасы жана онлайн маалымат базалары студенттерге дүйнөлүк деңгээлдеги окуу материалдарын колдонууга шарт түзөт. Ал эми сырттан окуган студенттер электрондук китепкананы пайдаланып, керектүү китептерин буйрутма кылып окуй алышат.

Бул ресурстарды колдонуу аркылуу студенттер сабакка даярданууда жана изилдөө иштеринде керектүү маалыматтарды алышат.

Мындан сырткары, студенттердин билим алуусунда практикалык тажрыйбанын маанилүүлүгүн эске алып, университеттин базасында бир катар практикалык программалар жана стажировкалар уюштурулган. Бул программалар студенттердин келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнө даярдыгын камсыз кылат. Мындан тышкары, мектептерде жана бала бакчаларда педагогикалык практикаларды өтүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөн.

Ал эми студенттер үчүн окуу жай тарабынан психологиялык жана академиялык колдоо кызматтары уюштурулган. Университетте профессордук-окутуучулар курамы студенттердин билим алуу процессиндеги кыйынчылыктарды жеңүүгө жана мыкты билим алууга жардам беришет.

Келечек муундун татыктуу билим алуусуна шарт түзүү максатында 2023-жылы университетте «Дарылоо иши» билим берүү программасын окутуу максатында Медицина факультети түзүлгөн. Факультетте медицина адистиги боюнча 5 жылдык окуу программаларында 12 жылдык орто билими бар чет элдик жарандар кабыл алынып, окутуу англис тилинде жүргүзүлүп келет. Окуу жайда чет элдик студенттерди окутуу үчүн талап кылынган бардык шарттар түзүлгөн. Ошондой эле тилдик курстар уюштурулган. Медицина факультети Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму тарабынан таанылды.

Мындан сырткары, 2023-жылы Ш. Кадырова атындагы Дүйнөлүк тилдер жана эл аралык мамилелер институтунда Кыргыз-Кытай факультети ачылган. Аталган институтта заманбап техникалык каражаттар менен жабдылган методикалык кабинеттер ачылды. Мында студенттердин чет тилин өздөштүрүүсү үчүн дүйнөлүк тажрыйбадагы программалар жүктөлүп, башка тилди тез, жеңил жана кызыктуу үйрөнүү мүмкүнчүлүгү түзүлдү. Бул шарттар студенттердин ар тараптуу өнүгүүсүнө, жогорку деңгээлдеги билим алуусуна жана келечектеги кесиптик ишмердигине мыкты даярдыкты камсыз кылат.

УЛАНДЫСЫ 2-БЕТТЕ

БАШЫ 1-БЕТТЕ

**- 2024-2025-окуу жылына болгон даярдык жана алдыга коюлган пландарыңыздар кандай?**

Быйылкы жаңы окуу жылында студенттерге педагогикалык курам жаңы технологияларды колдонуу менен сабак берүүсүнө шарт түзүлгөн. Жогоруда айтылгандай кош адистик боюнча эксперименталдык окуу планынын негизинде иш алып барабыз.

2024-2025-окуу жылында университет 7000ге жакын абитуриентти кабыл алды. Жалпысынан быйылкы окуу жылында университет 20000ге жакын студент менен өз ишмердүүлүгүн баштап жатат.

Мындан сырткары, университеттин баардык окуу корпустарында оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлүп, аудиториялардын жана лекциялык залдардын ички жасалгасы жаңыланды. Университеттин китепканасы да жаңыланып, электрондук китепкана системасы киргизилди. Окуу залдары ыңгайлуу эмеректер жана жарыктандыруу системасы менен жабдылып, студенттердин сабакка даярдануусу үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлдү. Бул жаңылоо иштеринин натыйжасында студенттер жана окутуучулар дүйнөлүк маалымат базаларына кирүүсүнө шарт түздү. Жаңы мультимедиялык каражаттар жана интерактивдүү такталар орнотулду, бул окутуу процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатат.

Окуу процессин санариптештирүү максатында университетте жаңы маалыматтык технологиялар киргизилди. Бул процессте жаңы компьютердик класстар ачылып, окутуучулар жана студенттер үчүн интернетке жеткиликтүүлүк камсыздалды. Ошондой эле, электрондук документ жүгүртүү жана окуу процессин автоматташтыруу боюнча иш-чаралар аткарылды. Бул оңдоп-түзөө иштери университеттин инфраструктурасын заманбап талаптарга ылайыкташтырып, студенттер менен окутуучуларга ыңгайлуу жана сапаттуу билим берүү шарттарын түзүүгө жардам берди.

Окуу жайдын алдыдагы максаттарынын эң негизгиси университеттин эл аралык аренадагы ордун чыңдоого жана студенттердин билим алуусу үчүн эң жакшы шарттарды түзүүгө багытталган.

Университет жакынкы жылдарда билим берүү программаларын заманбап талаптарга жана рыноктун муктаждыктарына ылайыкташтыруу иштерин улантууну пландаштырууда. Инновациялык методдорду киргизүү, окутуу процессин санариптештирүү жана студенттердин практикалык даярдыгын жогорулатуу кирет.

Ал эми илимий-изилдөө иштерин кеңейтүү жаатында илимий-изилдөө борборлорун ачуу, окутуучулар менен студенттердин илимий долбоорлорго активдүү катышуусу үчүн шарттарды түзүү пландаштырылууда.

Студенттердин жана окутуучулардын чет өлкөдө билим алуу жана тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү пландары бар. Бул үчүн жаңы академиялык мобилдүүлүк программалары ишке киргизилип, студенттердин эл аралык аренада өз билимдерин жана чеберчиликтерин өркүндөтүүсүнө шарттар түзүлөт.

Бул пландар университеттин өнүгүү стратегиясынын бир бөлүгү болуп, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин билим берүү деңгээлин жогорулатып, келечектеги адистерди даярдоодо алдыга умтулушуна шарт түзөт.

**- 2025-жылы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин негизделгендигинин 80 жылдыгы. Бул датага карата университетте кандай иштер пландалып жатат?**

80 жылдык тарыхы бар Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети учурда өлкөбүздөгү 10 алдыңкы жогорку окуу жайдын катарын толуктап келет. Университеттин негизделгендигинин 80 жылдык маарекесине арналган 2024-2025-окуу жылынын алкагында билим берүү, илим, маданий-гуманитардык иш-чараларды уюштуруу пландалган. Алардын эң негизгилери:

университеттин калыптануусу, өнүгүү тарыхы, учурдагы жетишкендиктери жана өнүгүү перспективалары тууралуу тасмаларды тартуу, макалаларды гезит-журналдарга жарыялоо жана сүрөт көргөзмөсүн уюштуруу;

Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Ишеналы Арабаев» атындагы атайын сыйлыгына көрсөтүү жана юбилейлик сынактарды уюштуруу;

жаш окумуштуулардын жана студенттердин катышуусундагы «Педагогикалык илимий изилдөөлөрдүн ийгиликтери» жана «Педагогиканын актуалдуу маселелери» деген темада эл аралык илимий-практикалык конференция өткөрүү ж.б пландар маарекелик иш-чаралардын тизмесине бекитилген.

Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети – Кыргызстандагы жогорку билим берүү тармагында алдыңкы орунда турган мекеме. Университеттин көркөм педагогикалык билим берүү, илимий изилдөөлөр жана коомдук кызматтагы жетишкендиктери өлкөнүн билим берүү системасына 80 жылдан бери чоң салым кошуп келүүдө. Университет студенттерге заманбап билим берүү менен катар эле, алардын жөндөмдөрүн жана потенциалын өнүктүрүү үчүн бардык шарттарды түзөт. Университет өзүнүн чыгармачыл, интеллектуалдык жана профессионалдык потенциалын көрсөтүү менен өлкөбүздүн жана дүйнөнүн билим берүү тармагында абройлуу орунга ээ.

Университетте жогорку квалификациялуу профессордук-окутуучулары курамы студенттерге сапаттуу билим берип, алардын академиялык жана практикалык жетишкендиктерин камсыз кылуу мумкүнчүлүгүнүн өнүктүрөт.

Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети – билим берүү тармагындагы инновацияларды жана изилдөөлөрдү жетекчиликке алып, билимдүү жана жөндөмдүү муундарды даярдоонун үлгүсү болуп саналат.

**- Маанилүү маегиңиз үчүн редакциябыздын атынан ыраазычылык**



# И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин билим берүү жаатындагы жетишкендиктери тууралуу Окуу иштери боюнча проректор Раушанбек Зайниев менен маек

**— Ааламдашуу жана санариптештирүү шартында университетте кандай өзгөрүүлөр ишке ашырылууда?**

— И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети билим берүүнүн сапатын жогорулатып, эмгек рыногунун талабына ылайык адистерди даярдоого чоң маани берүүдө. Учурда И.Арабаев атындагы КМУ негизинен 7 педагогикалык багыт боюнча бакалаврларды даярдоону ишке ашырат. Билим берүү системасына инновациялык ыкмаларды киргизүү максатында Сингапур билим берүү системасынын элементтерине адаптациялап, 11 профиль боюнча кесипке багыт берүүчү предметтерди камтыган эксперименталдык окуу пландары иштелип чыгып, азыркы мезгилде ошол окуу пландары менен студенттер билим алып жатышат.

**— Региондордогу кадр таңсыздыгын чечүү багытында кандай аракеттер көрүлүүдө?**

— Кыргызстандын аймактарында педагогикалык кадрлардын таңсыздыгын жоюу максатында 14 педагогикалык багыт боюнча кош адистикке негизделген эксперименталдык окуу пландарын иштеп чыктык. Эксперименталдык окуу пландарын пайдалануу менен аймактар үчүн квалификациялуу жана компетенттүү мугалимдерди даярдоону көздөп жатабыз. Ушул багытта жогорку жана орто кесиптик билим берүү базасынын негизинде абитуриенттер кабыл алынып, кошумча кесиптик билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алышат.

**— Профессордук-окутуучулар курамынын квалификациясын жогорулатуу жаатында кандай иштер жүрүүдө?**

— Республикадагы жалпы билим берүү мекемелеринин мугалимдери үчүн STEM, Pisa жана андрагогика долбоорлорунун алкагында атайын квалификацияны жогорулатуу курстарын уюштуруудабыз. Бул курстар мугалимдерге заманбап билим берүү ыкмаларын өздөштүрүүгө шарт түзүүдө. Аймактык кадрлардын билимин жогорулатуу максатында «Жогорку педагогика», «Китепкана таануу» боюнча 5 жана 9 айлык курстар ачылган.

**— Жогорку педагогика жана китепкана таануу боюнча курстар тууралуу айтып берсеңиз.**

— Биз 5 жана 9 айлык кошумча кесиптик билим берүү курстарын гибриддик форматта уюштуруу менен аймактардагы мугалимдерге жана адистерге заман талабына ылайык көндүмдөрдү өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк берүү жана санариптештирүү сабаттуулугун жоюуга шарт түзүүдөбүз.

**— Университеттин улуттук рейтингдеги орду тууралуу айта кетсеңиз.**

— EdNet көз карандысыз агенттиги жана Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жүргүзүлгөн I Улуттук рейтингде университетибиз 57 жогорку окуу жайдын ичинен алдыңкы ондукка кирди. Бул биздин жогорку сапаттагы билим берүүгө багыт алган ишибиздин натыйжасы деп билебиз.

**— Чет өлкөлүк студенттер менен иштөө жаатында кандай жетишкендиктер бар?**

— Чет өлкөлүк жарандар үчүн «Дарылоо иши» адистигин ачып, эл аралык аккредитациядан ийгиликтүү өттүк. Ошондой эле, Кытай таануу адистигине лицензия алып, Кытай Эл Республикасынан келген студенттерди окутууну жолго салуудабыз.

**— Англис тилдүү мугалимдерди даярдоо маселеси кандай чечилүүдө?**

— Өлкөдө, өзгөчө Бишкек шаарында ачылган жана англис тилинде билим берүү процессин уюштурган мекемелердеги мугалимдердин жетишсиздигин жоюу максатында атайын англис тилинде окутуу программаларын иштеп чыктык. Учурда, студенттер бул багытта үч педагогикалык багыт боюнча билим алып жатышат.

**— Университеттин келечектеги максаттары тууралуу ой бөлүшө кетсеңиз.**

— Биз заманбап билим берүү стандарттарын ишке ашырууну, илимий изилдөөлөрдү тереңдетүүнү жана эл аралык өнөктөштүктү күчөтүүнү көздөп жатабыз. Андан сырткары республикабыздын билим берүү системасындагы актуалдуу көйгөйлөрдү чечүүгө активдүү катышууну улантабыз деген ойдомун.

**— Маегиңиз үчүн чоң рахмат!**



# БЕШ АДАМГА АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮН ТҮПТӨГӨН АТАЛАР НААМЫ ЫЙГАРЫЛДЫ



*Өлкө башчынын маалымат кызматы тараткан билдирүүдө байыртадан мамлекеттин түптөөчүлөрүн «аталар» деп атоо салты бар экени айтылган.*

Ишеналы Арабаев, Абдыкерим Сыдыков, Иманалы Айдарбеков, Жусуп Абдрахманов, Абдыкадыр Орозбековго азыркы кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөгөн аталар наамы ыйгарылды. Тийиштүү жарлыкка президент Садыр Жапаров кол койду.

Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөнүнө 100 жыл толуп жатканына байланыштуу аты аталган инсандардын тарых алдындагы эмгегин баалоо максатында улуттук лидерлерди журт атасы (Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөгөн аталар) катары таануу токтом кылынган.

Өлкө башчынын маалымат кызматы тараткан билдирүүдө байыртадан мамлекеттин түптөөчүлөрүн «аталар» деп атоо салты бар экени белгиленген. Алардын арасында жол башчылар, жетекчилер, көрүнүктүү башкаруучулар, саясатчылар, аскер адамдары, өз элинин патриоттору, ошондой эле тарыхый окуялардын катышуучулары — мамлекеттин калыптанышына чогуу салым кошкон карапайым адамдар болгону кошумчаланды.



*«Ушул адамдар кыргыз эли тили, маданияты жана тарыхы менен өз мамлекетин Борбордук Азиянын башка элдери менен бирдей түзүүгө толук укуктуу экендигин ынанымдуу жана жүйөлүү далилдер менен далилдешип, XX кылымдагы жаңы мамлекеттүүлүктүн башатында болушту. Бирок бул наам өлкөбүздүн башка көрүнүктүү мамлекеттик жана саясий ишмерлеринин мекен алдындагы эмгегин эч кемите албайт», — деп айтылган маалыматта.*

SPUTNIK.KG САЙТЫНАН



## КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ТАРЫХЫНЫН БАШАТЫ: ЭРКИНДИК ҮЧҮН КҮРӨШҮҮ САБАКТАРЫ

*Ишеналы Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж.Маанаев атындагы Тарых жана социалдык укуктук билим берүү институтунун Орто кесиптик билим берүү жайынын окутуучусу Бекболотов Сталбек.*

Адатта "мамлекет" деген түшүнүк ар бир элге улутка насип болгон эмес, азыркы мезгилге чейин кыргыз эли бир нече жолу мамлекет куруп, бирде өнүккөн дөөлөттү курса, бирде чачырап жер кезип, көчмөн турмушта арабасын сүйрөп келген. Тарыхтын ар бир этабында өзүнүн башкалардан айырмаланып, өзгөчөлөнгөн башчылары чыккан (лидерлери) VII кылымда оболу Барсбек кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн башында турса 10 кылымдан соң Ормон хан, Алымбек Датка, Жантай, Боромбай баштаган бир нече кыргыз баатырлары кыргыз урууларынын башында турушкан. Мына ушундай тарыхтын ар кыл кыйын заманын өткөргөн кыргыз элинин эгемендүүлүккө жетүүсү оңойго турган жок. 1800-жылдан бери карай Англия, Россия империялары баш көтөрүп, Орто Азия чөлкөмүнө көз салышкан. Кыйчалыш заманда дүйнөнүн күчтүү империялары жер бөлүштүрүү саясатын жүргүзүп жаткан учурда Кыргыздын ошол учурдагы бычакка сап уулдары алакандай кыргыздын эркиндигине жол чабышкан. Бул максатка жетүү иштерин эң алгач ИШЕНАЛЫ АРАБАЙ УУЛУ, АБДЫКАДЫР ОРОЗБЕК УУЛУ, ИМАНАЛЫ АЙДАРБЕК УУЛУ, ЖУСУП АБДРАХМАН УУЛУ, КАСЫМ ТЫНЫСТАН УУЛУ, ТӨРӨКУЛ ЖАНУЗАК УУЛУ, башында турган бир нече чыгаан аталарыбыздын кыйындыгы менен азыркы Кыргыз Республикасынын чек арасы аныкталган. 1924-жылдын 14-октябрындагы Кара-Кыргыз Автономиялуу облусун түзүү жөнүндөгү токтомго кол коюлбаганда биздин 1991-жылы эгемендүүлүк шарапатына жетүүбүздө оор жагдайлар түзүлүшү айкын эле. 1920-жылдардан баштап эле мамлекеттүүлүк үчүн эки топ күрөшкөн. Алардын бир тарабы Кудайкуловчулар деп аталып, Кыргызстандын аймагын Казакстанга кошууну жактаган. Ал эми экинчи тарабы болсо Сыдыковчулар деп аталып, жок биз Казакстанга эмес биз түздөн-түз Москвага баш ийүүнү көздөйбүз деген позицияда болушкан. Мына ушундай шартта эгерде биз Казакстандын бир бөлүгү болуп калсак, кийинчерээк алардан бөлүнүп чыгууда бир кыйла тоскоолдуктар жаралмак. Ал эми Абдыкерим Сыдыков баштаган топ биз келечекти ойлоп жатабыз кийин кандай гана шарт болбосун биз орустардан Москвадан бөлүнүп чыгууда эч кандай маселе жаралбайт деген ойлорун айтышкан. Көп өтпөй РСФСРдин курамына киргенбиз. Азыркы коом анын ичиндеги жаштар Кара-Кыргыз Автономиялуу облусунун түзүлүшүнүн маанисин терең билишибиз керек. Дал ушул Абдыкерим Сыдыков баштаган инсандарыбыз бизге мурас калтырган мекенибизди кийинки муунга татыктуу өткөрүп берүү ар бир жарандын ыйык милдети.




## КМУНУН РЕКТОРУ БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ ЖОЖДОРДУН РЕКТОРЛОРУНУН III ФОРУМУНА КАТЫШТЫ

*Кара-Кыргыз Автономиялуу облусунун 100 жылдыгынын алкагында Борбордук Азиядагы ЖОЖдордун ректорлорунун «Глобалдык чакырыктардын контекстинде Борбордук Азия университеттеринин трансформациясы» аталышында форум өттү.*









Борбордук Азиядагы ЖОЖдордун ректорлорунун форумуна Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан, Тажикстандан жогорку окуу жайларынын ректорлору жана Кыргызстандын ЖОЖдорунун ректорлору катышты. И.Арабаев атындагы КМУнун ректору Айгүл Абдраева форумунун алкагында Ташкент мамлекеттик гуманитардык билимдер университетинин ректору Жуманазар Сабуров, Коркыт Ата атындагы Кызылорда университетинин ректору Бейбиткуль Каримова, Андижан мамлекеттик чет тилдер институтунун ректору, филология илимдеринин доктору, профессор Дилшодбек Рустамов Тажик мамлекеттик укук, бизнес жана саясат университетинин ректору Хошимзода Хомид Хасан менен университеттер ортосундагы кызматташтык жана өз ара аракеттенүү жөнүндө меморандумга кол коюшту. Меморандумда биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууга багытталган билим берүү тармагында өнөктөштүк мамилелерди түзүү жана узак мөөнөттүү, натыйжалуу жана өз ара пайдалуу кызматташууну жана алмашуу программаларын өнүктүрүү каралган.



## И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУГА АНКАРА СОЦИАЛДЫК БИЛИМДЕР УНИВЕРСИТЕТИНИН РЕКТОРУ, ПРОФЕССОР МУСА КЯЗЫМ АРЫЖАН КЕЛДИ

*И. Арабаев атындагы КМУга Анкара социалдык билимдер университетинин ректору, профессор Муса Кязым Арыжан келди.*

Белгилей кетсек, үстүбүздөгү жылдын июнь айында Анкара шаарында И. Арабаев атындагы КМУнун ректору, профессор Айгүл Абдраева жана Анкара социалдык билимдер университетинин (АСБУ) ректору, профессор Муса Кязым Арыжан жолугушкан. Анда, эки ректор тарабынан кол коюлган кызматташтык Меморандумун ишке ашыруу боюнча маселелер талкууланып, академиялык мобилдүүлук, PhD докторлук программа боюнча тыгыз кызматташуу боюнча макулдашылды. Андан сырткары АСБУнун ректору "Илимий социалдык шаарчасы" долбоорун презентациялап, кызматташуу сунуштарын билдирди.

Жолугушууга И.Арабаев атындагы КМУнун теология факультетинин деканы Нурбек Шамралиев, жаңы маалыматтык технологиялар институтунун директору Улан Керимов жана окутуучулар катышты.



## РЕКТОР АЙГҮЛ АБДРАЕВА ЕВРОПА КОМИССИЯСЫНЫН ӨКҮЛҮ МЕНЕН ЖОЛУГУШТУ






И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору Айгүл Абдраева Европа комиссиясынын өкүлү Мария-Соль Домингес Паррадо менен жолугушту. Мария-Соль Домингес Паррадо айым «Кыргызстандын туруктуу өнүгүүсү үчүн жашыл жана санарип университеттери» (GREENKG) долбоорунун алкагында мониторинг иш сапары менен келген. Иш сапардын алкагында Табигый илимдер жана туризм институтунда «Жашыл жана санарип кеңсесинин» расмий ачылыш аземине катышты.

Бул кеңсе студенттер менен окутуучулар үчүн жашыл экономика жана санариптик технологиялар боюнча семинарларды онлайн жана офлайн форматта өткөрүүнү көздөп, Кыргызстандын туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуп, заманбап билим берүү системаларын киргизүүгө багытталган. Ачылыш аземде Мария-Соль Домингес Паррадо айым долбоордун алкагындагы жетишкендиктерге жогору баа берип, келечектеги өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн талкуулады.

## КМУДА «ИЛИМИЙ-ИННОВАЦИЯЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮН ӨНҮГҮҮСҮ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ» АТАЛЫШЫНДА ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯ ӨТТҮ

*Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде Илим күнүнө карата «Илимий-инновациялык изилдөөлөрдүн өнүгүүсү жана келечеги» аталышында илимий-практикалык конференция өттү.*







Иш-чарага И. Арабаев атындагы КМУнун ректору Айгүл Абдраева, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары Муратбек Касымалиев, профессор Эсенбек Мамбетакунов, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин илим жана инновациялар башкармалыгынын башчысы Гүлжигит Токтошов, КМУнун илим, эл аралык коммуникациялар жана инновациялар боюнча проректору Айгүл Чалданбаева, окумуштуулар жана эксперттер катышты.

Конференциянын максаты - илимий-изилдөө иштерин өркүндөтүү, инновацияларды илгерилетүү жана билим берүү тармагындагы жаңы илимий жетишкендиктерди талкуулоо.

Пленардык бөлүмдө илимий баяндамалар жасалып, кыргыз тили жана адабияты боюнча окуу куралдарын түзүү, билим берүү боюнча методикалык негиздерди өркүндөтүү жана биоактивдүү нанометаллдарды синтездөө боюнча илимий маселелер талкууланды. Иш-чаранын алкагында илимий-изилдөө долбоорлорунун көргөзмөсү уюштурулуп, жогорку билим берүү мекемелеринин мыкты өкүлдөрүнө сыйлыктар тапшырылды.

Иш-чара Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин колдоосу менен уюштурулду.



## КМУДА КЫРГЫЗСТАНДЫН БАСМА СӨЗҮНҮН 100 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА «КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖУРНАЛИСТИКАСЫ: КЕЧЭЭ, БҮГҮН ЖАНА ЭРТЕҢ» АТАЛЫШЫНДА ТЕГЕРЕК СТОЛ ӨТТҮ

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин 80 жылдыгына, ошондой эле Кыргызстандын басма сөзүнүн 100 жылдыгына карата «Кыргызстандын журналистикасы: кечээ, бүгүн жана эртең» аталышында тегерек стол өттү. Тегерек столго КМУнун ректору Айгүл Абдраева, ЖОЖдордун профессордук-окутуучулар курамы жана журналисттер катышты. Иш-чарада ЖОЖдордун студенттери, ата мекендик журналистиканын өкүлдөрү илимий докладдарды окушту. Докладдар жана баяндамалар мазмуну боюнча Кыргызстандын заманбап медиа чөйрөсү жана анын ар түрдүү аспектилери боюнча. Иш чаранын максаты: Бишкек шаарындагы ар кандай массалык маалымат каражаттары жана журналистика боюнча кадрларды даярдаган университеттер ортосундагы достук байланыштарды кеңейтүү жана бекемдөө. Иш-чаранын алкагында филология илимдеринин доктору, Россия экономика академиясынын академиги, профессор Кубан Мамбеталиевдин «Журналистика боюнча лекциялар ЖОЖдор үчүн окуу куралы» окуу китебинин бет ачары болуп өттү.

Белгилей кетсек, КР Билим берүү жана илим министрлиги ал окуу китебин «ЖОЖдор үчүн окуу китеби катары бекитилген» деген штамп менен басып чыгарууга уруксат берген.







## КМУДА МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТТАРЫНЫН ДОЛБООРЛОРУН ИШТЕП ЧЫГУУ ҮЧҮН ТҮЗҮЛГӨН РАСМИЙ ЖУМУШЧУ ТОБУНУН ОТУРУМУ ӨТТҮ

*И.Арабаев атындагы КМУда Жогорку кесиптик билим берүүнүн окуу-методикалык бирикмелерине педагогика тармагында бакалаврларды, магистрлерди даярдоо багыттары боюнча жана адистиктер боюнча мамлекеттик жана расмий тилдерде мамлекеттик билим берүү стандарттарынын долбоорлорун иштеп чыгуу үчүн түзүлгөн расмий жумушчу тобунун биринчи отуруму өттү.*

КР Министрлер кабинетинин 2024-жылдын 8-июлунда № 371 токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын баштапкы, орто жана жогорку кесиптик билим берүү боюнча Мамлекеттик билим берүү стандарты жаңы макети бекитилген.

Ага ылайык, КРнын Билим берүү жөнүндө мыйзамына Мамлекеттик билим берүү стандартынын ишке ашыруунун нормативдик-укуктук иш кагаздарын шайкеш келтирүү зарыл.



## КМУДА «КЫРГЫЗСТАНДЫН ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮСҮ ҮЧҮН САНАРИПТИК ЖАНА ЖАШЫЛ УНИВЕРСИТЕТТЕР» АТАЛЫШЫНДА СЕМИНАР-ТРЕНИНГ ӨТТҮ

*И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде «Кыргызстандын туруктуу өнүгүүсү үчүн санариптик жана жашыл университеттер» аталышында семинар-тренинг өттү.*

Семинарга КМУнун окуу иштери боюнча проректору Раушанбек Зайниев, эл аралык байланыштар бөлүмүнүн башчысы Рахат Рай кызы, Табигый илимдер жана туризм институтунун директору Гульназ Жалилова жана Маалыматтык технологиялар борборунун башчысы Жолдош Мокешов катышты. GREENKG долбоорунун координатору Жанара Байтуголова долбоордун негизги максаттары жана аны ишке ашыруу жолдору тууралуу баяндама жасап, долбоордун актуалдуу багыттарына токтолду.

Семинардын жүрүшүндө Табигый илимдер жана туризм институту менен Маалыматтык технологиялар борборунун долбоор алкагында аткарып жаткан иштери тууралуу кенен маалымат берилип, жашыл экономика боюнча окуу курсу иштелип чыккандыгы жана ал кийинки семестрде пилоттук негизде окутула турганы айтылды. Ошондой эле, бул курсту бардык адистиктерге киргизүү пландалууда.

Семинар аяктагандан кийин катышуучулар Табигый илимдер жана туризм институтунда жаңы ачылган Жашыл жана санарип кеңсеси менен таанышып, экология жана санариптик өнүгүү жаатында ишке ашырыла турган жаңы демилгелерди талкуулашты.

## И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУНУН 80 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИНИН КАНДИДАТЫ, ДОЦЕНТ ДАЙЫРБЕК КАРАГУЛОВДУН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ АРНАЛГАН «ЗАМАНБАП БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ ПЕРСПЕКТИВДҮҮ МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ ЖАНА МЕТОДДОРДУ ПРАКТИКАДА КОЛДОНУУ» АТАЛЫШЫНДА ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯ ӨТТҮ





Д.Карагуловдун 50дөн ашык илимий методикалык эмгектери, алардын ичинен педагогика багытында 8 методикалык колдонмо, Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин грифи менен чыккан 2 методикалык колдонмо, информатиканы педагогикалык адистиктерге окутуу боюнча 3 типтүү окуу программасы жарык көргөн.

Д.Карагуловдун жаркын элесине арналган илимий-практикалык конференцияга И.Арабаев атындагы КМУнун ректору, профессор Айгүл Абдраева, Илим, эл аралык байланыштар жана инновациялар боюнча проректор Айгүл Чалданбаева, Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун директору Улан Керимов, ЖМТИнин профессордук-окутуучулар курамы катышты.

## КМУНУН ПРОРЕКТОРУ ЖАЙНА САДЫКБЕК КЫЗЫ «ЖОЖДОРДОГУ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ МАСЕЛЕЛЕРИ» АТАЛЫШЫНДАГЫ ПРОРЕКТОРЛОРДУН III ФОРУМУНА КАТЫШТЫ

*И.Арабаев атындагы КМУнун Мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректору, филология илимдеринин кандидаты, профессордун м.а. Жайна Садыкбек кызы жана Мамлекеттик тил жана маданият институтунун директору, филология илимдеринин доктору, профессор Самат Жумалиев И.Раззаков атындагы КМТУда өтүп жаткан «ЖОЖдордогу мамлекеттик тил маселелери» аталышындагы проректорлордун III форумуна катышты.*





Аталган иш-чара КР Билим берүү жана илим министрлиги КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясы менен биргеликте өткөрүлдү.

Форумда ЖОЖдордо окутуу тили маселелери; бардык дисциплиналар боюнча кыргыз тилинде окуу куралдарын, усулдарын чыгаруу башка тилдерден которуу иштерин жүргүзүү; ЖОЖдордогу кыргыз филологиясы факультеттеринин окуу программасына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду (котормо, терминология сабактарын) киргизүү ж.б. орчундуу маселелери каралды.

## «КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТҮҮЛҮГҮНҮН КАЙРА ЖАРАЛУУСУ: ТАРЫХ, АДАМДАР, ФАКТЫЛАР (КАРА-КЫРГЫЗ АВТОНОМИЯЛУУ ОБЛУСУНУН 100 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА)» АТАЛЫШЫНДА ЭЛ АРАЛЫК ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯСЫ ӨТТҮ





Конференцияда КРнын Президентине караштуу Ж.Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясынын ректору А.А.Акматалиев – "Эпоха нуждалась в титанах. О феномене Ж.Абдрахманова и его соратников"; Абдыкерим Сыдыков атындагы фонддун төрагасы, А.Сыдыковдун небереси Н.Б.Садыков – «Киргизская Горная Область – начало формирования кыргызской государственности"; КР ТИМге караштуу К. Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиясынын проректору З.К.Курманов «Отцы – основатели кыргызской государственности»; КР УИАнын профессору С.Кайыпов – «Кыргыз этномаданиятындагы мамлекет жана мамлекеттүүлүккө байланыштуу түшүнүктөр» аталышында баяндамалар жасашты. Конференциянын 2-жарымында КРнын эмгек сиңирген мугалими Г.М.Мадаминов – «ККАО түзүлгөндөн кийин Лейлек, Сүлүктү аймагынын Кыргызстанга кошулуу тарыхы», «Ата-Бейит» мемориалдык комплексинин директору Б.Ж.Абдрахманов – «Политические репрессии кыргызской элиты Сталинский период – реалии советской истории»; Т.Океев атындагы «Кыргызфильм» киностудиясынын директору А.Б.Бекболотов – «ККАО 100 жылдыгына карата «Кыргызфильм» киностудиясынын салымы»; Ю.Абдрахмановдун чөбөрөсү А.Абдрахманов – «Ю. Абдрахманов, И.Сталин, известные и неизвестные факты взаимоотношений»; т.и.д., профессор, Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу «Репрессия курмандыктарын эскерүү» мамлекеттик музейинин директору Б.В.Хасанов – «Музей как феномен и социокультурный институт по сохранению и изучению исторической памяти (из опыта работы государственного музея памяти жертв репрессий)»; А.Орозбековдун небереси Ю.У.Уразбекова – «Восстановление исторической справедливости о роли А.Орозбекова в истории Кыргызстана» баяндамаларын жасашты. Эл аралык илимий-практикалык конференциянын жүрүшүндө Э.Ж.Маанаев атындагы Тарых жана социалдык- укуктук билим берүү институтунун окутуучусу К.А.Курманалиев түзгөн «Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун административдик-аймактык түзүлүшү» документтер жыйнагынын бет ачары өттү.





# МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ӨНҮКТҮРҮҮ: ЖАЙНА САДЫКБЕК КЫЗЫ МЕНЕН МАЕК



*Ишеналы Арабаев атындагы КМУнун мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректору Жайна Садыкбек кызы анын жетекчилиги алдында жүргүзүлүп жаткан иштер, мамлекеттик тилди жайылтуудагы инновациялар жана келечектеги пландар тууралуу маек берди.*

**– Университетте студенттер менен мугалимдердин мамлекеттик тилди өздөштүрүү деңгээлин жогорулатуу боюнча кандай конкреттүү чаралар көрүлдү?**

Мамлекеттик тилди окутууну өнүктүрүү максатында студенттер, мектеп мугалимдери, ЖОЖдун окутуучулары үчүн атайын курстар, семинарлар, мастер-класстар, сынактар өткөрүлүүдө. Бул курстар мамлекеттик тилди тереңирээк өздөштүрүүгө багытталып, өзгөчө көңүл сабаттуу сүйлөөгө, жазуу көндүмдөрүнө, кеп чеберчилигине, тилдик маданиятты өнүктүрүүгө бурулган. Мисалы, 2024-жылдын 17-сентябрынан 23-сентябрына чейин мамлекеттик жана коомдук ишмер А. Ж. Жумагуловдун 90 жылдык маарекесине арналган «Өмүрү өрнөк инсан» аттуу 1-2-курстун студенттери арасында эссе сынагы өткөрүлдү.

2024-жылдын 1-октябрында КР ББМ тарабынан Ж. Баласагын атындагы КУУда өткөрүлгөн «Билим берүү бардыгы үчүн: көп тилдүү билим берүүдө мамлекеттик тилдин ролу» аттуу форумга университеттин профессордук-окутуучулар курамы катышты.

2024-жылдын 11-октябрында И. Арабаев атындагы КМУнун МТМИ менен Борбордук Азиядагы Америка университети (БААУ) академиялык тажрыйба алмашуу алкагында «Кыргызча оңой» аттуу кыргыз тилин өз алдынча үйрөтүүчү мобилдик тиркеменин таанытымы өткөрүлдү.

2024-жылдын 22-октябрында «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 35 жылдыгына карата жана мамлекеттик тилдин үч айлыгынын алкагында «Сабаттуу жаз» акциясы уюштурулду. Жалпысынан 217 студент катышты.

**– Билим берүү чөйрөсүндө тилдик көп түрдүүлүктү сактоого жана өнүктүрүүгө кантип көмөк көрсөтөт? Мамлекеттик тилди окутуу процессине кандай инновациялык ыкмалар, технологиялар киргизилүүдө?**

Инновациялык ыкмаларды колдонуу: университет тилди окутуу процессинде санариптик платформаларды жана интерактивдүү технологияларды киргизип жатат. Бул студенттерге жана окутуучуларга тилди өздөштүрүүнү жеңилдетип, өз алдынча билим алууга көмөкчү болот. Ошондой эле, онлайн ресурстар жана тил үйрөнүү үчүн мобилдик тиркемелер активдүү колдонулууда. Бул багытта ага окутуучу Н. Жумадилова окуу жайдын квалификацияны жогорулатуу курстарынын алкагында уюштурулган «Жасалма интеллект» аттуу 1 айлык курска катышып, тажрыйбасы, көндүмдөрү тууралуу окутуучуларга ой бөлүштү.

**– Мамлекеттик тилди жайылтуу боюнча башка окуу жайлары жана мамлекеттик органдар менен кантип өнөктөштүк байланыштарды түзүүдө? Университетте тил саясатын жүргүзүүдө кандай көйгөйлөр жана кыйынчылыктар бар?**

Университет мамлекеттик мекеме-уюмдар, мектеп, жогорку окуу жайлары менен өнөктөштүк кызматташтыктын алкагын кеңейтүүдө. Университет Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясы, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, КР УИАнын тил жана адабият институту, Кыргызстандын борборундагы жана аймактарда жайгашкан жогорку окуу жайлары менен өнөктөштүк кызматташтыкты жүргүзүүдө. Алар менен биргелешип мамлекеттик тилди өнүктүрүү багытындагы түрдүү иш-чараларды уюштуруп келет. Мындан тышкары, тил саясаты жаатында тажрыйба топтоо үчүн өнөктөштөр менен биргеликте илимий изилдөөлөр жүргүзүү мерчемделүүдө. Жалпы мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча долбоорлор жазылып, тажрыйба алмашуу иштери жүрүп жатат. Мисалы,

- *2024-жылдын 25-октябрында И. Арабаев атындагы КМУнун МТМИ менен К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун ортосунда академиялык тажрыйба алмашуу алкагында ф.и.к., доцент Н. Ж. Касымбекова тарабынан аталган окуу жайда «Аталар институту этнопедагогикалык прогмрамма катары» деген темада конок-лекция өткөрүлдү.*

- *2024-жылдын 31-октябрында И. Арабаев атындагы КМУнун МТМИ менен Ж. Баласагын атындагы КУУнун ортосунда академиялык тажрыйба алмашуу алкагында «Медиакоммуникациядагы жаңы тенденциялар» аталышында Ж.Баласагын атындагы КУУнун телевидение программасынын жетекчиси, ф.и.к., доцент Алымбаева Зарылкан Арстанбековна жана КР ССМдин пресс-катчысы Алимахунов Анарбек Кумахунович тарабынан конок-лекция өткөрүлдү.*

- *2024-жылдын 1-ноябрында Борбордук Азиядагы Америка университетинин эркин өнөр жана илимдер факультетинин деканы Карабаев Данияр Турдуниязович «Текстти талдоонун санариптик усулдары» деген темада илимий-методикалык семинар өттү.*

**– Келечектеги адистерди көп тилдүү чөйрөдө иштөөгө кантип даярдайт? Жогорку окуу жайлардын студенттери жана кызматкерлери арасында мамлекеттик тилди кеңири жайылтуу боюнча кандай демилгелер көтөрүлүп жатат?**

Студенттерди көп тилдүү чөйрөдө иштөөгө даярдоо үчүн атайын көп тилдүү программалар иштелип чыгып, тил сабактарында чет тилдери менен катар мамлекеттик тилди дагы терең өздөштүрүүгө көңүл бурулууда. Маселен, кыргыз тили жана адабияты кошумча орус тили, кыргыз тили жана адабияты кошумча англис тили адистиктери ачылып, студенттер билим алышууда. Мындай программа студенттерди эл аралык рынокко даярдоого жардам берет. Университет Бишкек шаарындагы №11, 66, 67, 25, 29, 5, 51, 39 орто мектептери менен, ошондой эле Кыргызстандын борборунда жана аймактарында жайгашкан ЖОЖдор менен, жана коңшу мамлекеттердин Андижан мамлекеттик педагогикалык университети, Андижан мамлекеттик чет тилдер институту, Казак улуттук кыздар педагогикалык университети менен тыгыз кызматташып, кыргыз филологиясында окуп жаткан студенттерди академиялык мобилдүүлүк программасына жиберүүдө. Ошону менен бирге университеттин окутуучуларынын билимдерин өнүктүрүү максатында тажрыйба алмашууга жөнөтүлүп жатат.

Жогорку окуу жайлардын студенттери жана кызматкерлери арасында, башка мекеме-уюмдардын арасында мамлекеттик тилди кеңири жайылтуу максатында институттун алдында «Инновациялык мамлекеттик тил борбору» түзүлгөн. Борбордо мамлекеттик тил боюнча кыска, узак мөөнөттүү курстар окутулуп, ушул окуу жылында мамлекеттик тилде окуу, жазуу, сүйлөө жана иш кагаздарын сабаттуу жүргүзүү боюнча атайын курстарды ачуу аракети көрүлүп жатат.

**– Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча университеттин келечектеги пландары кандай? Бул процессте санариптештирүү студенттердин тил компетенциясын калыптандыруу үчүн кандай роль ойнойт?**

Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча университет келечекте, мамлекеттик тилдин колдонуу чөйрөсүн кеңейтүүчү, мамлекеттик тилде сапаттуу билим берүүчү, мамлекеттик тилди окутуунун заманбап методдорун, жаңы ыкмаларын, технологияларын жайылтуучу, окуу-методикалык базасы толугу менен түзүлгөн эң алдыңкы билим берүү борборуна айланууну көздөйт.

Ал мүдөөгө жетүүдө санариптик технологиялар тилди үйрөнүү процесстерин тездетүү жана жеңилдетүү үчүн маанилүү роль ойнойт. Университетте мамлекеттик тилди үйрөтүүдө заманбап технологияларды колдонуу менен онлайн платформалар, мобилдик тиркемелер аркылуу тилди кызыктырып окутууга пайдаланууну тажрыйбалоо иши башталды. Мамлекеттик тилди окутууда AR, VR-технологияларын жана жасалма акыл-эсти колдонууга көңүл бурулуп, темалар боюнча



# МОБИЛДҮҮЛҮК ЫНТЫМАКТЫ БЕКЕМДЕЙТ



*Урматтуу Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулар курамы!*

Биз, Казакстандын Казак улуттук кыздар педагогикалык университетинин Филология институтунун "Казак тили жана адабияты" билим берүү программасынын студенттери, сиздердин университетте мобилдүүлүк программасы боюнча бир семестр билим алууга мүмкүнчүлүк алгандыгыбыз үчүн кубанычтабыз жана терең ыраазычылык билдиребиз

Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети бизге жогорку деңгээлде билим алууга көмөк көрсөтүп, кыргыз тили жана адабияты боюнча терең билим алууга шарт түздү. Университеттин окутуучуларынын кесипкөйлүгү, сабактардын сапаты жана окутуу ыкмалары биздин билимибизди байытып, ачык жана кеңири көз караштарга ээ болууга мүмкүнчүлүк берди. Студент курбуларыбыздын жылуу кабыл алуусу жана меймандостугу биздин бул жерде өткөргөн убактыбызды баалуу жана кызыктуу кылды.

Мобилдүүлүк программасынын алкагында алган тажрыйбабыз кыргыз тили, адабияты, маданияты жана тарыхы тууралуу терең билим алуу гана эмес, эки элдин ортосундагы байланыштарды чыңдоо, ар тараптуу тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүгүн ачты. Биз бул мүмкүнчүлүктү колдонуп, кыргыз тили жана адабияты боюнча алган билимдерибизди тажрыйбага жанаша өнүктүрдүк.

Сиздерге көрсөтүлгөн камкордук, колдоо жана жардам үчүн терең ыраазычылык билдиребиз. Бул тажрыйба биз үчүн билим берүү жана кесиптик өнүгүү жолунда маанилүү кадам болуп, келечекте өз ишмердүүлүгүбүздө алектене турган тармактарда зор таасир берет. Университеттин бардык окутуучулар курамына өз ара ишенимдүү жана жемиштүү кызматташтыкты каалап, илгерки жетишкендиктеринин үстүнө жаңы ийгиликтерди жаратуу тилегибизди билдиребиз. Биз бул жерден алган билимдерибизди жана тажрыйбаларыбызды келечекте колдонуп, эки элдин ортосундагы достукту бекемдөө үчүн салымыбызды кошобуз деп ишенебиз.

**ЫРААЗЫЧЫЛЫК МЕНЕН,**
**ТАЖЕН АЙСУЛУ ЖУМАБАЙКЫЗЫ,**
**ТАЖЕН КҮНСУЛУ ЖУМАБАЙКЫЗЫ**
Казакстан, Казак улуттук кыздар педагогикалык университетинин студенттери.

# СТАРТАП БОРБОРУ: СТУДЕНТТЕРДИН ИЙГИЛИКТЕРИ ЖАНА ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ

*И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети студенттердин ишкердик жөндөмдөрүн өнүктүрүү жана инновациялык идеяларды колдоо максатында 2022-жылдын 1-сентябрында Стартап борборун негиздеген. Бул борбордун башкы миссиясы – студенттердин демилгелерин жандандырып, ишке ашыруу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү.*



Стартап борборунда студенттер өз долбоорлорун иштеп чыгуу жана өнүктүрүү боюнча колдоо алышат. Борбор долбоордун идеядан баштап рынокко чыгуу баскычына чейин иштелип чыгышын камсыздап, бизнес-эксперттер жана насаатчылар менен кызматташат. Бул студенттердин ишмердүүлүктөрүнүн чыныгы бизнес-чөйрөдө ишке ашуусуна шарт түзөт.

## ИЙГИЛИКТҮҮ ДОЛБООРЛОРДУН МИСАЛДАРЫ

Стартап борборунун алкагында бир катар көрүнүктүү долбоорлор ишке ашырылууда. Алардын арасында Enactus КМУ командасынын ишке ашырган социалдык багыттагы "Өнөр Юнион" долбоору бар. Бул демилге экологиялык жактан таза продукцияларды өндүрүү менен социалдык жактан аялуу топторго колдоо көрсөтүүгө багытталган.

## ДОЛБООРДУН АЛКАГЫНДА:

- *Колго жасалган буюмдар сатылып, бенефициарларга финансылык жардам берилүүдө;*
- *Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жана балдар үйлөрү менен кызматташтык келишимдери түзүлгөн;*
- *Студенттер бизнес көндүмдөрүн социалдык миссия менен айкалыштырып, коомго оң таасир берүүдө.*

## ИЙГИЛИКТЕРДИН МАСШТАБЫ



Долбоорлор эл аралык деңгээлде таанылып, студенттер стартап-конкурстарга чакырууларды алышууда. Борбор Enactus Кыргызстан, Accelerate Prosperity жана башка өнөктөштөр менен тыгыз кызматташып, студенттерге каржылык жана консультативдик колдоо көрсөтүүдө.

## "СТАРТАП МАРАФОН": ИЙГИЛИКТҮҮ ПЛАТФОРМАЛАРДЫН БИРИ

Стартап борбору жыл сайын "Стартап марафон" сынагын уюштуруп, студенттерге өз идеяларын сунуштоого жана аларды ишке ашырууга шарт түзөт. Бул марафондун жеңүүчүлөрү азыркы учурда өз долбоорлорун ийгиликтүү ишке ашырып, ишкердикте алгачкы ийгиликтерин жаратууда.

## КЕЛЕЧЕК ПЛАНДАРЫ

Стартап борбору мындан ары дагы студенттерди инновациялык жана ишкердик демилгелерин колдоого, аларды эл аралык рынокко чыгууга даярдоо боюнча иш алып барууну улантууда. Борбордун ишмердүүлүгү университеттин студенттерине гана эмес, Кыргызстандагы ишкердик чөйрөсүнө да маанилүү салым кошууда.

Стартап борбору – бул жөн гана идеялардын чөйрөсү эмес, жаңы муундагы лидерлерди жана инновациялык долбоорлорду жаратуучу уникалдуу платформа. Бул демилге студенттерге келечектеги ийгиликтердин эшигин ачууда.



# Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун студенти Сезим Айтыкулова менен маек

*Бүгүн биз И.Арабаев атындагы КМУнун Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун студенти Сезим Айтыкулова менен баарлашабыз. Сезим «Арабаев-пресс» гезитине берген маегинде өзүнүн жашоосу, жетишкендиктери, тилектери тууралуу айтып берди.*

**- Кутмандуу күн, Сезим! Өзүңүз жөнүндө бир аз айтып бересиз.**

- Салам! Менин атым Сезим, жашым 18де, Бишкекте турам. Мен ПИН-3-23 тобунда «Программалык инженерия» адистигинин экинчи курсунун студентимин. Окуудан тышкары ырдаганды, бийлегенди, сүрөт тартканды жана тамак жасаганды жакшы көрөм. Мен жаңы нерсени үйрөнүүнү жана өнүгүүгө умтулууну абдан жакшы көрөм.

**- Сиз өзүңүзгө кандай максаттарды коёсуз?**

– Менин кыялым – бүт дүйнөнү көрүү, саякаттоо жана ар кайсы өлкөлөрдүн маданияты менен таанышуу. Бирок эң негизги максат – Кыргызстандын өнүгүшүнө салым кошуу, мамлекетибиз эң бай, өнүккөн өлкөгө айлансын дейм.

**– Сизди эмне шыктандырат?**

– 2023-жылы университетке тапшырганда мага бардык жаңы нерселер: жайгашкан орду, адамдар, окутуучулар шыктандырды. Бул өзүмдү таанууга эң сонун мүмкүнчүлүк болгондуктан, сынактарга, иш-чараларга, конференцияларга активдүү катыша баштадым.

**– Жетишкендиктериңиз тууралуу айтып берсеңиз.**

– Биринчи курста «Сабаттуу жаз» сынагында 2-орунду алып, студенттердин командасы менен англис тилинде дебаттарды уюштуруп, иш-чараларга, анын ичинде «Адабий музыкалык кечеге» активдүү катыштым. Ошондой эле, 2023-жылдын апрель айында өткөн «Табигый-техникалык багытта студенттердин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн калыптандыруу боюнча кесиптик адистиктер» аттуу илимий конференцияда 1-орунга ээ болуп, ишмердүүлүгүм үчүн ыраазычылык кат алдым. Экинчи курста «Заманбап билим берүүдөгү келечектүү маалыматтык технологияларды жана методдорду практикалык колдонуу» аттуу илимий-практикалык конференцияга да активдүү катышып, Студенттердин күнүндө ыраазычылык кат алдым.

Чыгармачылык чөйрөдө «Рай» бий тобунун солисти жана мүчөсү болдум. Эл аралык сынактарда үч жолу 1-орунду алып, «Рух-Ордо» фестивалында да жеңишке жеттик.

**– Окуу, чыгармачылык менен жигердүү иштөөнү кантип айкалыштыра аласыз?**

– Эң негизги – жасаган ишиңди сүйүү. Мен университеттин жашоосуна аралашканды жакшы көрөм, ошондуктан бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланууга аракет кылам.

**– Университетте окуу сиз үчүн эмнени билдирет?**

- Мен үчүн бул чоң кадам. Бул жерде мен жаңы горизонтторду ачтым, сонун адамдар менен тааныштым жана өзүмдү ишке ашыруу үчүн көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү таптым. Окуу үчүн ушул окуу жайды тандаганыма кубанычтамын.

**– Курбу-курдаштарыңызга кандай каалоо-тилектериңизди айтасыз?**

– Бир жерде эч качан токтоп калбоо. Жаңы билимдерди табыңыз, өнүктүрүңүз, ар кандай багыттарды сынап көрүңүз. Эң негизгиси, өзүңө ишенүү!

**– Сезим, эркин баяныңыз үчүн рахмат! Сиздерге жаңы жеңиштерди жана жетишкендиктерди каалайбыз!**

- Чоң рахмат!

**БАШКЫ РЕДАКТОР:** Зарина Эсенбаева

**ЭЛЕКТРОНДУК ДАРЕК:** arabaevmedia@gmail.com

**РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:**

**Редактор:** Элеонора Турдубекова
**Корреспонденттер:** А.Таалайбек кызы, А.Нурмат кызы, Г.Салиева
**Фото:** Батыр Зарлыков, Тилек Сатыбаев

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган № 10170
Кол жазмалар кайтарылбайт жана рецензияланбайт.
Окурмандардын жарыялаган макалалары редакциянын көз карашын билдирбейт жана ага редакция жооп бербейт.

**ДАРЕГИ:** Бишкек шаары И. Раззаков көчөсү 49

**ДИЗАЙНЕР:** Кубат Абышов

Гезит И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Медиа борборунда даярдалды.



## КМУНУН СТУДЕНТИ ДАНИЯР БЕКИШОВ «КМШНЫН ЛИДЕРИ» ТӨШ БЕЛГИСИ МЕНЕН СЫЙЛАНДЫ

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Э.Ж.Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институтунун 3-курсунун студенти Данияр Бекишов Өзбекстандын Ташкент шаарында өткөн эл аралык илимий конференцияда «КМШнын Лидери» төш белгиси жана күбөлүк менен сыйланды.

Данияр Бекишов Кыргызстандагы ыктыярчылык кыймылынын маанисин жана ыктыярчылардын коомдогу ордун чагылдырган «Кыргызстандагы ыктыярчылардын орду жана ролу» аталышындагы илимий макаласы менен катышкан.

## КМУНУН СТУДЕНТИ МИЛАНА СЪЕЗДБЕКОВА «ТҮРК ЭЛДЕРИНИН МЫКТЫ СТУДЕНТИ» АТАЛЫШЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК СЫНАКТА I ОРУНДУ ЭЭЛЕДИ

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Э.Ж.Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институтунун студенти Милана Съездбекова «Түрк элдеринин мыкты студенти» аталышындагы эл аралык сынакта I орунду багынтты. Бул сынакка түрк тилдүү мамлекеттерден келген алдыңкы студенттер катышып, ар бир катышуучу өзүнүн билимин, жөндөмүн жана жетишкендиктерин көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.





## ИСКУССТВО ЖАНА ДИЗАЙН ФАКУЛЬТЕТИНИН 3-КУРСУНУН СТУДЕНТИ М.ТИЛЕБАЛДЫЕВА ЭЛ АРАЛЫК КОНКУРСТА I ДАРАЖАДАГЫ ДИПЛОМ МЕНЕН СЫЙЛАНДЫ

И. Арабаев атындагы КМУнун Искусство жана дизайн факультетинин Музыка кафедрасынын 3-курсунун студенти Тилебалдыева Мээрим Казакстанда өткөн VI эл аралык "Чыгармачылык сынак" конкурсунда вокал боюнча катышып, конкурстун лауреаты жана I даражадагы дипломго ээ болду. Жетекчиси, окутуучу Толтоев Алтынбек Ыраазычылык кат менен сыйланды.

## ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ЖАНА ТУРИЗМ ИНСТИТУТУНУН 3-КУРСУНУН СТУДЕНТИ Г.ЖУМАНОВА «ТҮРК ЭЛДЕРИНИН МЫКТЫ СТУДЕНТИ» ЭЛ АРАЛЫК КОНКУРСУНДА II ДАРАЖАДАГЫ ДИПЛОМ МЕНЕН СЫЙЛАНДЫ

Ишеналы Арабаев атындагы КМУнун Табигый илимдер жана туризм институтунун Химия адистигинин 3-курсунун студенти Гулмай Жуманова 23-октябрда Казакстан Республикасынын Астана шаарында өткөн «Түрк элдеринин мыкты студенти» эл аралык конкурсунда II даражадагы диплом, төш белги жана күбөлүк менен сыйланды.

Форум Казакстан Республикасынын «Жаңа Казакстан» жана «Bilim-Orkenieti» Улуттук инновациялык илимий-изилдөө борборлорунун колдоосу менен өттү. Иш-чарага түрк тилдүү мамлекеттердин студенттери катышты.



## КМУНУН СТУДЕНТИ ДИЛЬНАЗ БЕРКУТАЛИЕВА «ТҮРК ЭЛДЕРИНИН МЫКТЫ СТУДЕНТИ» АТАЛЫШЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК СЫНАКТА I ОРУНДУ ЭЭЛЕДИ

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун 3-курсунун студенти, Дильназ Беркуталиева «Түрк элдеринин мыкты студенти» аталышындагы эл аралык сынакта I орунду ээледи.



Казакстандын Астана шаарында өткөн эл аралык сынак таланттуу студенттердин ортосундагы байланышты чыңдоого багытталган. Иш-чарага окумуштуулар, коомдук ишмерлер жана маалымат каражаттарынын өкүлдөрү катышты.

Бул жеңиш И.Арабаев атындагы КМУнун студенттеринин жетишкендиктерин эл аралык деңгээлде таанытып, билим берүү сапатынын жогору экендигин далилдейт.



## И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ ЭЛ АРАЛЫК СТУДЕНТТЕР КҮНҮН БЕЛГИЛЕДИ

*Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети 17-ноябрь – Эл аралык студенттер күнүнө карата салтанаттуу иш-чара уюштурду.*

Иш-чаранын жүрүшүндө КМУнун ректору Айгул Абдраева куттуктоо сөз сүйлөп, студенттерди Эл аралык студенттер күнү менен куттуктап, окуудагы жетишкендиктерди жана ийгиликтерди каалады жана окуудагы жетишкендиги жана коомдук иштерге жигердүү катышкандыгы үчүн алдыңкы студенттерге стипендия, ардак грамота, сертификат жана ыраазычылык каттарды тапшырды.

КМУ Бирикккен кесиптик бирлик комитетинин төрагасы Назар Догдурбек окуудагы мыкты жетишкендиктери жана коомдук иштерди уюштуруудагы активдүүлүгү үчүн студенттерге Кыргыз мамлекеттик университетинин бириккен кесиптик бирлик комитетинин ыраазычылык катын жана акчалай сыйлыктарды тапшырды.

Салтанаттуу иш-чаранын алкагында студенттердин чыгармачылыгы көрсөтүлүп, маданий, музыкалык жана театралдык номерлер тартууланды.

Ошондой эле, КРнын эмгек сиңирген артисти Самат Көчөрбаев «Манас» эпосунан үзүндү айтып, эстрада ырчылары Жийдеш Идирисова жана Биржан Байбол чыгармаларын тартуулап, студенттерди 17-ноябрь – Эл аралык студенттер күнү менен куттукташты.

Иш-чаранын жүрүшүндө классикалык жана популярдуу чыгармалар студенттердин аткаруусунда орундалып, Корей тили борборунун студенттери «Ритм бийи» менен өнөр көрсөтүштү. Искусство жана дизайн факультетинин студенттери «Саркечтиктин » жана «Өмүр сызыгы» аталышындагы коллекцияларын тартуулашты. Япониятаануу институтунун студенттери «Сөрөн Буши» жана «Балык уулоо» бийлерин аткарышты. КМУнун студенттеринен түзүлгөн «Апапакай жигиттер» командасы тамашалары менен көрүүчүлөргө жакшы маанай тартуулады.

Бул иш-чара Кыргыз Республикасынын Президентинин «Улуттук нарк жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу максатында жана университеттин 80 жылдык маарекесине арналып, студенттердин таланты менен жигерин көрсөтүү жана алардын билим алууга, коомдук иштерге кошкон салымын баалоо максатында уюштурулган.

